**Билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоо боюнча**
**"Сапаттуу билим" агенттигинин 2023-жылдын 19 - январындагы отурумунун №1 протоколу**

**Отурумдун катышуучулары:**

Катышты – Аккредитациялык Кеңештин 10 мүчөсү
**Төрага:**
1. Мамытов Миталип Мамытович – Кыргыз Республикасынын Баатыры, КР УИАнын академиги, м.и.д., профессор.

**Төраганын орун басары:**
2. Тажибаев Кушбакали Тажибаевич – Кыргыз Республикасынын илим жана техника жаатындагы Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, КР УИАнын лаборатория башчысы.

**Аккредитациялык Кеңештин мүчөлөрү:**
1. Белекбаев У.Т. – Бишкек шаарынын мэриясынын Маданият Башкармалыгынын начальниги;
3. Туманбаева Р.М. – КР Жогорку Кеңешинин VI чакырылышынын экс-депутаты;
4. Бостонова П.З. - "Сапаттуу билим" агенттигинин директору, профессор;
5. Абдыкадыров А.З. – "Seido Systems" ЖЧКнын директору;
6. Бейшеев Б.М. – "Түндүк электр" ААКнын Окуу борборунун башчысы;
7. Мамытов Т. Т. – «Настрой» долбоорлоо уюмунун директору;
8. Улан кызы Акжолтой – И.Раззаков атындагы КМТУнун студенти;
9. Тагаева С.Б. – Аккредитациялык Кеңештин катчысы.

**Күн тартиби:**
1. Аккредитациялык кеңештин курамына жаңы талапкерлерди киргизүү жөнүндө.
2. 2023-2027-жж. "Сапаттуу билим" агенттигин Өнүктүрүү стратегиясын бекитүү.
3. Өзүн-өзү баалоо боюнча ASIIN жана башка кызыкдар тараптардын сунушу боюнча киргизилген жана толукталган усулдук көрсөтмөлөрдү бекитүү.

**Угулду:**

Бостонова П.З. - Урматтуу Аккредитациялык кенештин мүчөлөрү!

Бүгүнкү отурумда С.Б. Тагаеванын үй-бүлөлүк шартына байланыштуу жана Улан кызы Акжолтойдун университетти бүткөндүгүнө байланыштуу Аккредитациялык кеңештин курамынан чыгуу жөнүндө арыздары түшкөн. Биз С.Б.Тагаева жана Улан к.А. менен жакшы иштештик деп ойлойм жана ийгиликтерди каалап кетмекчимин.

Ошондой эле, Аккредитациялык кеңештин курамына кирүү боюнча жаңы талапкерлерден арыз түшкөн. Арыздар сайтка жайгаштырылган Аккредитациялык кеңештин курамына жаңы талапкерлерге сынак жөнүндө жарыянын негизинде түшкөн. Сынактын негизинде 4 талапкер кабыл алынды жана Аккредитациялык кеңешке төмөнкү талапкерлер сунушталууда:

Дуйшебаев Максат Жумагулович - Бишкектеги курулуштагы архитектура жана менеджмент колледжинин директору;
Райымбекова Эрмекгүл Райымбековна - №4 кесиптик лицейдин директору;
Асанбекова Чынара Максутовна - И.Раззаков атындагы КМТУнун Мамлекеттик тил борборунун башкы адиси.
Искандер Таалайбек – Ж.Баласагын атындагы КУУнун студенти
(Талапкерлердин арыздары тиркелген).
Добуш берип койсоңуздар. Макул – 8, каршы –жок.

**Чечим:**

1. Аккредитациялык кеңештин курамынан Улан кызы Акжолтой жана Тагаева С.Б. чыгарылсын.
2. Аккредитациялык кеңештин курамына төмөнкү жаңы талапкерлер бекитилсин:

**Аккредитациялык кеңештин мүчөсү болуп:**

М.Ж.Дуйшебаев - БКАМКнын директору;

Э.Р.Райымбекова - №4 кесиптик лицейдин директору;

Искандер Таалайбек – Ж.Баласагын атындагы КУУнун студенти

**Аккредитациялык кеңештин катчысы болуп**

Ч.М.Асанбекова - И.Раззаков атындагы КМТУнун МТБнын башкы адиси.

Экинчи суроо боюнча профессор П.З.Бостонова Агенттиктин 2023-2027-жж. Өнүктүрүү стратегиясынын максаты жана милдеттерине токтолуп кетти:

Агенттиктин Борбордук Азия чөлкөмүнүн жетектөөчү алдыңкы позицияларын бекемдөө, ошондой эле корпоративдик башкаруу системасын жакшыртуу.

Билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоонун алдыңкы моделин калыптандыруу жана агенттиктин базасынын негизинде студенттерди даярдоонун сапатын жогорулатуу максатында педагогикалык кадрлардын квалификациясын жогорулатуу борборун түзүү.

Европа стандарттарын жана башкаруу принциптерин (ESG) ички сапатты камсыздоо системасы менен интеграциялоо.

Өлкөдөгү ТОП 5 мыкты агенттиктердин катарына кирүү.

Билим берүү системасынын жана эмгек рыногунун керектөөлөрүнө ылайык билим берүү уюмдарын жана программаларын тышкы баалоо боюнча колдонмолордун оптималдуу портфелин түзүү;

Аккредитациялоо процессине алдыңкы маалыматтык-коммуникациялык технологияларды киргизүү;

Илимий изилдөөлөрдүн чөйрөсүн кеңейтүү жана аларды адистерди даярдоо практикасына киргизүүнү камсыз кылуу;

Билим берүүнүн сапатына арналган Эл аралык конференцияларга катышуу;

Билим берүүнүн сапатын жакшыртуу, жогорулатуу боюнча бирдиктүү милдеттерди ишке ашыруу максатында Иш берүүчүлөр Ассоциациялары жана студенттик ассоциациялар менен байланышты түзүү;

Квалификациялуу эксперттик базаны түзүү иштерин улантуу;

Алдыңкы чет элдик агенттиктер менен кызматташууну кеңейтүү;

Коомдо "Сапаттуу билимдин" туруктуу позитивдүү имиджин камсыз кылуу.

*Агенттиктин Стратегиясын ишке ашыруунун күтүлүп жаткан натыйжалары:*
2027-жылга чейин "Сапаттуу билим" агенттиги Борбордук Азиядагы билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоо боюнча алдыңкы борборго айланат жана бүтүрүүчүлөргө ички эмгек рыногунда да, чет өлкөлөрдө да атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн камсыз кылуучу кызматтарды, стандарттарды жана критерийлерди киргизүү.

Агенттиктин Борбордук Азия регионун аккредитациялоо боюнча алдыңкы агенттик катары төмөнкүдөй мүнөздөлөт:

- Аккредитациялоо боюнча иш-чаралардын кеңейтилген масштабын жана сапатын камсыздоо;
- Алдыңкы агенттик катары Эл аралык ассоциациялар, чет өлкөлүк агенттиктер жана билим берүү уюмдары менен биргеликте ишке алып баруу;
- ASIIN тышкы эксперттердин сунуштары, ESG талаптарынын негизинде өзүн-өзү баалоо боюнча отчетторду жазуу көрсөтмөлөрдүн стандарттары жана критерийлери менен толукталган жогорку сапаттагы укуктук жана ченемдик документтерди камсыз кылуу;

- Чет өлкөлүк эксперттерди тартуу менен агенттиктин эксперттик базасын өркүндөтүү жана кеңейтүү.
- Билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу максатында илимий изилдөөлөрдү колдонуу жана өз алдынча жүргүзүү;
- Эл аралык ENQA, WFME сапатты камсыздоо мекемелерине мүчө болуу;
- *European Quality Assurance Register* for Higher Education (*EQAR*) жана Asia-Pacific Quality Register (APQR) реестрине катталуу.

**Чечим:**

2023-2027-жж. "Сапаттуу билим" агенттигин Өнүктүрүү стратегиясын бекитилсин.

**Үчүнчү суроо боюнча** төраганын орун басары - Тажибаев Кушбакали Тажибаевич төмөнкү усулдук колдонмолор менен тааныштырды :

1. Кыргыз Республикасында негизги жана жалпы орто билим берүү программаларын ишке ашырып жаткан билим берүү уюмдарын аккредитациядан өткөрүү боюнча жетектеме. Бишкек, 2023
2. Кыргыз республикасында башталгыч жана орто кесиптик билим берүү программаларын ишке ашырып жаткан билим берүү уюмдарын институционалдык аккредитациядан өткөрүү боюнча жетектеме, Бишкек, 2023
3. Кесиптик билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоо жүргүзүү боюнча колдонмо. Бишкек, 2023
4. Кошумча билим берүү программалары боюнча кыска мөөнөттүү курстарга баа берүүнүн стандарттары жана критерийлери боюнча өзүнө баа берүүнү даярдоого карата жетектеме. Бишкек,2023

**Орус тилинде даярдалган усулдук материалдар:**

1. Руководство по проведению внешней оценки образовательных организаций и программ начального, среднего и высшего профессионального образования в КР. Бишкек, 2023
2. Руководство по проведению самооценки образовательных организаций и программ среднего общего образования. Бишкек, 2023
3. Руководство по проведению самооценки медицинских образовательных программ среднего и высшего профессионального образования в КР Бишкек, 2023
4. Руководство по проведению самооценки образовательных программ начального, среднего и высшего профессионального образования в КР Бишкек, 2023
5. Руководство по подготовке постаккредитационного отчета, Бишкек, 2020
6. Матрица критериев оценки и принятия решения по выполнению стандартов АА ООП "Сапаттуу билим" при аккредитации образовательной организации и программ. Бишкек, 2023
7. Руководство по внутренней системе обеспечения качества Агентства по аккредитации образовательных организаций и программ «Сапаттуу билим»

Өзүн өзү баалоо боюнча ASIIN жана башка кызыкдар тараптардын сунушу боюнча киргизилген жана толукталган жогоруда айтылган усулдук көрсөтмөлөрдү жана колдонмолорду бекитүүнү сунуштайм.

**Чечим:**

Өзүн өзү баалоо боюнча ASIIN жана башка кызыкдар тараптардын сунушу боюнча киргизилген жана толукталган усулдук көрсөтмөлөр жана колдонмолор бекитилсин.

**Төрага** **М.М.Мамытов**

**Катчы** **Ч.М.Асанбекова**